**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине 2018-жылдын 2-чейреги ичинде жүргүзүлгөн көзөмөлдүк (оверсайт) жыйынтыгы боюнча отчет**

## I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

*Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында финансылык тобокелдиктер.* Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2018-жылдын 2-чейрегинде жүгүртүү коэффициентинин 36,59 пайызга азайышы байкалган, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 57,70 пайызга жогорулаган. Коэффициенттин мындай өзгөрүүсү операциялык күн ичинде катышуучулардын дебеттик жүгүртүү суммасынын (22,68 пайызга) азайышы жана системада акча каражаттар калдыгынын жогорулашы (21,94 пайызга) менен шартталган. Өзгөрүүлөр 1 жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.

Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 696,85 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 20,1 пайызга жогору, бул биринчи кезекте Автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу өткөн операциялар көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу болгон.


Ошондой эле, отчетттук мезгил ичинде кардарлардын эсептеринде каражаттар убактылуу жетишсиз болгондугунун натыйжасында 22 мүнөт убакыт бою 610 млн. сом суммасына 10 төлөм кезекте катталган.

Төлөмдөр көлөмүнүн ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде системада финансылык тобокелдиктер деңгээли системадагы жүгүртүүгө карата катыш боюнча ликвиддүү каражаттар көрсөткүчү жетиштүү болгондуктан минималдуу бойдон калгандыгын белгилөөгө болот.

<u>*Операциялык тобокелдиктер.*</u> Техникалык үзгүлтүктөрдү жана операциялык күндү узартууну эске алганда жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчеттук мезгилде 100,00 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда, катышуучулар тарабынан регламент узартылгандыгынан (узартуу убактысы жалпы алганда 15 саат 55 мүнөттү түзгөн, мунун ичинен максималдуу узартуу мөөнөтү – 3 саатты түзгөн (2018-жылдын 30-июнунда)) системадагы операциялык тобокелдик деңгээли 2,89 пайыз чегинде түптөлгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,60 пайызга төмөн).

Бузууга жол берүүлөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнү ичинде бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайы чечими менен жөнгө салынат.


1-график. ГСРРВдагы финансылык тобокелдиктер деңгээли





2-график. ГСРРВдагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы.




3-график. Кезектеги төлөмдөрдүн саны жана үзгүлтүккө учуроонун суммардык убактысы





4-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы



## 2. Пакеттик клиринг системасы

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде акча каражаттардын белгиленген камынан дебеттик таза позициянын артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. Төмөнкү графикте көрсөтүлүп тургандай эле, катышуучулар пакеттик клиринг системасы ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан да көбүрөөк каражатты резервге коюшууда.

*5-график. 2018-жылдын 2-чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган камдын катышы (млн сом)*




Ошентип, отчеттук мезгил ичинде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга карата коюлган кам ликвиддүү каражаттардын зарыл деңгээлинен 4,4 эсе ашкан.


Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 183,06 млн сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 0,04 пайызы) 6 325 төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынын 0,27 пайызы). Эсептердин туура эмес көрсөтүлүшү төлөмдөрдү четке кагуу себебинен болгон.

*Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.* 2018-жылдын 2-чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча кыска мөөнөттүү (6 мүнөт) техникалык үзгүлтүктүн натыйжасында системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,97 пайызды түзгөн. Системада операциялык тобокелдик деңгээли, үзгүлтүк орун алгандыгынан жана системанын иш регламентин узартуудан улам 4,53 пайыз чегинде катталган (катышуучулар тарабынан мөөнөтүн узартуулардын суммардык убактысы 17 саат 11 минутаны, алардын ичинен максималдуу узартуу убактысы 3 саат 35 мүнөттү түзгөн).

6-график. КБ СПК ичиндеги төлөмдөрдүн саны.




7-график. 2018-жылдын 2-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин үлүшү



**3. «Элкарт» улуттук эсептешүү системасы**

*<u>Системадагы операциялык тобокелдиктер</u>*. Маанилүү төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, *«Элкарт» улуттук төлөм системасынын* ишинде убактылуу үзгүлтүктөрдөн улам, жеткиликтүүлүк деңгээли 2018-жылдын 2-чейрегинде 98,92 пайызды, ал эми операциялык тобокелдиктер 1,08 пайызды түзгөн.

*<u>Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүүлөр:</u>* үзгүлтүктөрдүн манилүүлүгү төмөн.



8-график. Бирдиктүү банктар процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы

**4. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системасы**

2018-жылдын 2-чейрегинде Кыргыз Республикасынын аймагында үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча 18 система иштеп турган. Кароого алынган мезгил ичиндеги маалыматтарга талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 6,48 млрд. сом жалпы суммасындагы 43,12 млн. төлөм иштелип чыккан. Өткөн мезгилге салыштырмалуу төлөмдөрдүн саны 4,91 пайызга жогорулагандыгы, ал эми алардын көлөмү 2,23 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган.

**5. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук**

*<u>Системада орун алышы ыктымал болгон операциялык тобокелдиктер.</u>* 2018-жылдын 2-чейреги ичинде техникалык үзүлтүктөр катталган эмес, ал эми системанын жеткилүктүүлүк коэффициенти 100,0 пайызды түзгөн. SWIFTке туташуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимге ылайык штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта коммерциялык банктар билдирүүлөрдү өткөрүүнүн альтернативалуу каражаттарын пайдаланууга тийиш.

SWIFT системасында операциялык тобокелдик деңгээли минималдуу бойдон калган.

**II. Кыргыз Республикасынын төлөм системасында катышуучулардын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**

**6. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасында орун алган алдамчылык транзакциялар**

Банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун чегинде алынган маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгында 2018-жылдын 2-чейреги ичинде эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу аркылуу 16 шектүү операция катталган. Алардын баары банктар тарабынан алдамчылык операция катары каралган. Мындай операциялардын суммасы орточо эсеп боюнча 129.03 миң сомду түзгөн.

1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу аркылуу алдамчылык ыкмалар боюнча маалымат

| *Митаамчылык ыкмасы* | *2017-ж. 1-чей.* | | *2017-ж. 2-чей.* | | *2017-ж. 3-чей.* | | *2017-ж. 4-чей.* | | *2018-ж. 1-чей.* | | *2018-ж. 1-чей.* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакция** | - | - | **67** | **254 791,70** | **16** | **21 456,70** | **6** | **58 339,23** | **11** | **45 318,07** | **10** | **71 043,75** |
| *-Visa* | - | - | 67 | 254 791,70 | 16 | 21 456,70 | 6 | 58 339,23 | 11 | 45 318,07 | 10 | 71 043,75 |
| **POS-терминал аркылуу** | **2** | **91 728,48** | **5** | **833 546,30** | **6** | **35 690,70** | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | 2 | 91 728,48 | 5 | 833 546,30 | 6 | 35 690,70 | - | - | - | - | - | - |
| **Накталай түрдө алуу** | **1** | **5 236,19** | **4** | **16 000,00** | **45** | **1 858 725,69** | - | - | - | - | **6** | **57 985,96** |
| *-Visa* | 1 | 5 236,19 | 4 | 16 000,00 | 3 | 37 637,50 | - | - | - | - | 6 | 57 985,96 |
| *-Элкарт* | - | - | - | - | 42 | 1 821 088,19 | - | - | - | - | - | - |
| **Блокировкаланган транзакциялар** | **18** | **16 445 305,92** | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| *-Visa* | 18 | 16 445 305,92 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Бардыгы** | **21** | **16 542 270,59** | **76** | **1 104 338,00** | **67** | **1 915 873,09** | **6** | **58339,23** | **11** | **45 318,07** | **16** | **129 029,71** |

Финансылык жоготуулардын келип чыгуу себеби катары санкциясыз алдамчылыкка баруу жана банктык карттардагы маалыматтардан санкциясыз пайдалануу, ошондой эле санкциясыз интернет-транзакцияларды ишке ашыруу менен банкоматтар аркылуу каражаттарды санкциясыз алуу саналат. Банктар маалыматтардан санкциясыз пайдаланылышын аныктоо жагында ишкердикти жүргүзгөн. Бузууга жол берилген карттар блокировкаланган. Карт ээлерине акча каражаттарын кайтаруу үчүн териштирүү иштери жүргүзүлүп жатат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системалар операторлорунан алынган маалыматтарга талдап-иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча 2018-жылдын 2-чейреги ичинде:

- Cash-in терминалы аркылуу электрондук капчыкты толтурууда жасалма акчаны пайдаланууга байланыштуу 19 шектүү операция катталган;
- мобилдик телефондогу өздүк эсепке акча каражаттарын санкциясыз алуу аркылуу алдамчылыкка барууга байланыштуу 13 операция катталган.

Операторлор бул операциялардын бардыгын алдамчылык транзакциялар катары тааныган. Мындай операциялардын суммасы 99,15 миң сомду түзгөн.


## 7. Системанын катышуучуларынын төлөм системаларынын иш үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2018-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын төлөм системаларынын ишине байланыштуу 425 штаттан тышкаркы жагдай катталган, алардын ичинен олуттуу үзгүлтүктөрдүн үлүшү алардын жалпы санынын 68,24 пайызын, ал эми анчалык олуттуу эмес үзгүлтүктөр 31,76 пайызды түзгөн.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө болот:

- *энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 37,41 пайызын түзгөн.
- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 31,06 пайызын түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 31,53 пайызын түзгөн.









Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системалар операторлорунун жана төлөм уюмдарынын отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2018-жылдын 2-чейреги ичинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 53 штаттан тышкаркы жагдай катталып, алардын ичинен олуттуу үзгүлтүктөрдүн үлүшү 66,04 пайызды, ал эми анчалык олуттуу эмес үзгүлтүктөрдүн үлүшү 33,96 пайызды түзгөн.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө болот:

- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 50,94 пайызды түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 49,06 пайызды түзгөн.






Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдардын келип чыгышын шарттаган эмес, бирок алар банктардын, төлөм системалар операторлорунун жана төлөм уюмдарынын аброюна, ошондой эле кардарлардын кызмат көрсөтүүлөргө жана төлөм системаларынын ишине карата ишенимине терс таасирин тийгизүүдө. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын, төлөм системалар операторлорунун жана төлөм уюмдарынын пайда албай калуу тобокелдигин да шартташы мүмкүн.